БЕКИТЕМИН

Окуу-методикалык борбордун
башчысы, БМК торайымы
_____________ Байдалиева А.О.
«23» 06 ___________ 2025-ж.

# Пилоттук эксперименталдык «Сестралык иш» адистиги боюнча Бирдиктүү мамлекеттик аттестациянын (БМА) баалоо критерийлери жөнүндө жобо

## I. Жалпы жоболор

1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик-укуктук актыларына (КР **Билим берүү жана илим министрлигинин 20 май 2021-жылдын №371 буйругу** *«Орто кесиптик билим берүү уюмдарында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү боюнча методикалык нускама»;* **КР Билим берүү жана илим министрлигинин 3 ноябр 2022 - жылдын буйругу №586/1** "Орто кесиптик билим берүүдө компетенциялык мамилени киргизүү, кесиптик стандарттар менен байланыштуу аттестациялык иш-чараларды күчөтүү"; **КР Өкмөтүнүн 7 феврал, 2020-жылдын №88 токтому** "Орто кесиптик билим берүүнүн жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү"), Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө, КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы N 329 токтому ылайык иштелип чыкты.

2. Бул жобо пилоттук эксперименталдык негизде ишке ашырылып жаткан «Сестралык иш» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдү бирдиктүү мамлекеттик аттестациядан (мындан ары – БМА) өткөрүүнүн баалоо критерийлерин аныктайт.

3. Жобонун максаты – студенттердин билимин, жөндөмүн жана компетенцияларын объективдүү жана калыс баалоо менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

## II. Бирдиктүү мамлекеттик аттестациянын түзүмү:

Бирдиктүү мамлекеттик аттестация – студенттердин билим деңгээлин, кесиптик даярдыгын, теориялык жана практикалык көндүмдөрүн комплекстүү баалоого багытталган жыйынтыктоочу көзөмөл формасы болуп саналат.

**БМА төмөнкү этаптардан турат:**

- I этап – Теориялык бөлүк: Компьютердик негиздеги тестирлөө (КТ);
- II этап –Клиникалык практикалык көндүмдөрдү баалоо (Кырдаалдык тапшырмалар);

## III.Баалоо критерийлери

### 3.1. I этап – Теориялык бөлүк: Компьютердик негиздеги тестирлөө (КТ);

- Студенттер «Сестралык иш» адистиги боюнча негизги теориялык дисциплиналар боюнча 100 тесттик суроого жооп беришет;
- Ар бир суроо 1 балл менен бааланат;
- Жооп берүүгө берилген убакыт: 120 мүнөт (2 саат)
- Жалпы 100 баллдан 60тан жогору алган студенттер практикалык бөлүктү тапшырууга уруксат берилет;
- 60 баллдан кем алган студент кийинки бөлүккө өткөрүлбөйт.

**Баалоо шкаласы:**

| № | Балл | Баллдын сандык эквиваленти | Баа | Тамга системасындагы баа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 95-100 | 4,0 | Эң жакшы | $A^+$ |
| 2 | 90-94 | 3,75 | | A |
| 3 | 85-89 | 3,50 | Жакшы | $B^+$ |
| 4 | 80-84 | 3,25 | | B |
| 5 | 75-79 | 3,0 | | $C^+$ |
| 6 | 70-74 | 2,75 | | C |
| 7 | 65-69 | 2,50 | Канааттандыралык | $D^+$ |
| 8 | 60-64 | 2,0 | | D |
| 9 | 31-59 | 1,0 | Канааттандырарлык эмес | FX |
| 10 | 1-30 | 0 | | F |

**3.2. II этап –Клиникалык практикалык көндүмдөрдү баалоо (Кырдаалдык тапшырмалар);**

- Студентке 1 кырдаалдык (ситуациялык) тапшырма берилет.
- Студент 3 станциядан өтөт
- 1-станция: 50 балл (20 мүнөт)
- 2-станция: 30 балл (14 мүнөт)
- 3-станция: 20 балл (6 мүнөт)
- Жалпы максималдуу балл – 100
- Өтүүчү минималдуу балл – 60 балл (60%)
- Даярданууга берилген убакыт: 20 мүнөт;
- Жооп берүүгө берилген убакыт: 40 мүнөт.

**Баалоодо төмөнкү критерийлер эске алынат:**

| № | Баалоо критерийилери | Убакыт | Максималдуу балл |
|---|---|---|---|
| 1 | **1-станция: Медайымдык процессти түзүү жана ишке ашыруу** | | |
| 1.1 | Пациент туралуу маалымат чогултуу жана абалын балоо | 2мүн | 10 балл |
| 1.2 | Пациенттин артыкчылыктуу көйгөйлөрун аныктоо (Сестралык диагноз) | 3мүн | 5 балл |
| 1.3 | Сестралык жардам көрсөтүүнү пландоо | 3мүн | 10 балл |
| 1.4 | Сестралык жардам көрсөтүү жана кароо | 10мүн | 20 балл |
| 1.5 | Сестралык жардам жана кароонун натыйжалулугун балоо | 2мүн | 5 балл |
| 2 | **2-станция: Стандарттык операциялык колдонмоолор** | | |
| 2.1 | Өздүк гигиенаны туура сактоо жана керектүү каражаттар менен камсыздоо | 2мүн | 10 балл |
| 2.2 | СОПту ирети менен туура так аткарды | 10мүн | 10 балл |
| 2.3 | Медициналык калдыктарды бөлүштүрүү (сортировка) жана жок кылуу(утилизация) | 2мүн | 10 балл |
| 3 | **3-станция: Асептика жана коопсуздук эрежелерин сактоо** | | |
| 3.1 | Коопсуздук эрежелерин сактоо | 3мүн | 10 балл |
| 3.2 | Өзүнүн жана оорулуунун коопсуздугун камсыз кылуу | 3мүн | 10 балл |
| | **Сынактын жалпы убакыты жана баллы:** | 40мүн | **100 балл** |

**Баалоо шкаласы:**

| № | Балл | Баа | Мазмуну |
|---|---|---|---|
| 1 | 90-100 | 5 (беш) | Жогорку деңгээлде аткарылган |
| 2 | 70-89 | 4 (төрт) | Жакшы деңгээлде, майда кемчиликтер менен |
| 3 | 60–69 | 3 (үч) | Канааттандырарлык деңгээлде |
| 4 | <59 | 2 (эки) | Жооп талапка жооп бербейт |

## IV. Жалпы жыйынтык:

- Бирдиктүү мамлекеттик аттестациядан өттү деп эсептелиши үчүн жалпы этаптардын ар биринен минималдуу 60% жыйынтык алуу керек.
- Эгер бир этаптан минималдык чекти ала албаса – студент бирдиктүү мамлекеттик аттестациядан өтпөйт.

## V. Жобонун колдонуу тартиби

- Бул Жобо пилоттук негизде колдонулат жана практикалык колдонмодо алынган жыйынтыктарга жараша кайра каралышы мүмкүн.
- Жобонун колдонулушу боюнча сунуштар УМЦ жана ЦНОК тарабынан кабыл алынат.

## VI. Кошумча жоболор

1. Бирдиктүү мамлекеттик аттестацияны өткөрүү саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругу менен жүргүзүлөт.
2. Тест жана практикалык тапшырмалар калыс, стандарттык жана адистиктин билим берүү программасына негизделип түзүлөт.
3. Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы эки этаптын баллдарын кошуу менен чыгарылат.

Бул жобо Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциясы тарабынан сунушталды.